КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

А. Ж. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

«Бекитемин»
КМПУнин ректору,
и.а. профессор Б.Б. Зулуев
_____
«___» _____ 2025-ж.

МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИНИН КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ, ЖОЖГО ЧЕЙИНКИ ДАЯРДОО ЖАНА ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

ЖОБО

I. Жалпы жоболор

1.1. Мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, ЖОЖго чейинки даярдоо жана үзгүлтүксүз билим берүү бөлүмү (мындан ары — бөлүм) Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин (мындан ары — ОшМПУ) түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

1.2. Бөлүм өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (КР ББжИМ) нормативдик актыларынын, ОшМПУнун Уставынын, ушул жобонун жана университеттин ички ченемдик документтеринин негизинде жүргүзөт.

1.3. Бөлүм 2016-жылы КРнын ББжИМинин атайын токтому менен берилген лицензиянын негизинде түзүлгөн.

1.4. Бөлүмдүн ишмердүүлүгү мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, жогорку окуу жайга чейинки даярдоо жана үзгүлтүксүз билим берүүнү өнүктүрүүгө багытталган.

II. Бөлүмдүн максаты:

Мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, жогорку окуу жайга чейинки даярдоо жана үзгүлтүксүз билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу аркылуу билим берүү тармагындагы адистердин кесиптик компетенттүүлүгүн, инновациялык жана педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу.

III. Бөлүмдүн милдеттери:

- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча кыска жана узак мөөнөттүү программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- Абитуриенттер үчүн жогорку окуу жайга чейинки даярдоо курстарын уюштуруу жана окутуунун сапатын камсыз кылуу;
- Үзгүлтүксүз билим берүү системасын өнүктүрүү, педагогдордун билимдерин жаңылоого жана заман талабына ылайык көндүмдөрүн өркүндөтүүгө шарт түзүү;
- Педагогикалык кадрлардын кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу боюнча илимий-методикалык иштерди жүргүзүү;
- Инновациялык, санариптик жана интерактивдүү окутуу технологияларын киргизүү;
- Семинар - тренингдерди жана форумдарды уюштуруу;
- Республикалык жана Эл аралык уюмдар, билим берүү мекемелери менен кызматташтык мамилелерди өнүктүрүү;
- Квалификацияны жогорулатуу жана даярдоо курстарынын натыйжалуулугун баалоо боюнча мониторинг жүргүзүү;
- Билим берүү тармагындагы жаңылыктарды, методикалык колдонмолорду, окуу материалдарын иштеп чыгуу жана жарыялоо;
- Билим берүү сапатын жогорулатууга багытталган инновациялык долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

IV. Бөлүмдүн функциялары:

4.1. Квалификацияны жогорулатуу курстарынын жана программаларынын тематикалык планын иштеп чыгуу жана бекитүүгө сунуштоо;

4.2. Окутуучулар курамын тандоо, тармактык эксперттерди, практиктерди жана илимий кызматкерлерди окутуу процессине тартуу;
4.3. Окутуу процессин уюштуруу, каттоо жана документтештирүү иштерин жүргүзүү;
4.4. Угуучуларга күбөлүк же сертификат берүү боюнча процедураны жүргүзүү;
4.5. Электрондук окутуу жана аралыктан окутуу (онлайн) курстарын ишке киргизүү;
4.6. Билим берүү программаларынын мазмунун үзгүлтүксүз жаңылоо;
4.7. Өлкөлүк жана эл аралык билим берүү долбоорлорун ишке ашыруу боюнча демилгелерди иштеп чыгуу;
4.8. Курстарга катышуучулардын муктаждыктарын изилдөө жана окуу программаларын ошол негизде жаңылоо.

V. Бөлүмдүн жоопкерчилиги:

- Бөлүм өз ишмердүүлүгүнүн сапаты жана натыйжалуулугу үчүн университеттин жетекчилигине жооп берет;
- Курстарды уюштурууда жана окутууда билим берүү стандарттарын сактоого милдеттүү;
- Финансылык, административдик жана методикалык ишмердүүлүк боюнча отчетторду өз убагында берүү;
- Квалификацияны жогорулатуу боюнча берилген күбөлүктөрдүн жана сертификаттардын мыйзамдуулугун камсыз кылуу.

VI. Башкаруу жана структура:

- Бөлүмдү жетекчи — бөлүм башчысы башкарат;
- Бөлүм башчысы ОшМПУнун ректору тарабынан дайындалат жана ага түздөн-түз баш иет.

1. Бөлүмдүн курамына:

- квалификацияны жогорулатуу адистери;
- ЖОЖго чейинки даярдоо адистери;
- үзгүлтүксүз билим берүү жана методикалык иш адистери кирет.

2. Ар бир адис өзүнүн функционалдык багыты боюнча иш алып барат жана бөлүм башчысына отчёт берет.

VII. Бөлүмдүн окуу процессин уюштуруу

- Республиканын жалпы билим берүү мектептеринин, университеттин ППС, илимий, педагогикалык кызматкерлеринин жана жумушчуларынын (комокчу-окутуу персоналынын) квалификациясын жогорулатуу, университеттин билим берүү ишмердигин жакшыртуунун маанилүү фактору болуп саналат жана илимдин жана техниканын, мекенибиздин жана чет өлкөлүк алдыңкы тажрыйбалардын, педагогикалык чеберчиликти жогорулатуунун тийиштүү тармактарындагы жетишкендиктер жөнүндө жаны билимдерди алууда кызматчылардын керектөөлөрүн канааттандыруу жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында жүргүзүлөт.
- Квалификацияны жогорулатуу алдыңкы ЖОЖдордо, квалификацияны жогорулатуу институттарында, Кыргыз Республикасынын Кадрларынын квалификациясын

жогорулатуу аймактык тармактар аралык борборлордо, кесиптик уюмдарда жана ишканаларда, чет өлкөдө жүргүзүлүшү мүмкүн.

- Квалификацияны жогорулатуудан өтүү үчүн мекемени тандоо, кызматкердин квалификациясын жана ээлеген кызматын эске алуу менен бөлүмдүн жетекчиси тарабынан аныкталат.
- Квалификацияны жогорулатуу зарылдыгына жараша өткөрүлөт, ал эми ППС, педагогикалык кызматкерлер үчүн 3 жылда бир жолудан кем эмес төмөнкү формаларда өткөрүлөт:
    - ишмердиктин тийиштүү багыты боюнча квалификацияны жогорулатуу курстары,
    - башка тараптын ишканаларында жана уюмдарында стажировкалар;
    - тематикалык жана көйгөйлүү семинарлардын ишине катышуу.

- Квалификацияны жогорулатууну каржылоо, А.Ж. Мырсабеков атындагы ОшМПУнун бюджеттен тышкаркы каражаттарынын эсебинен, угуучулардан тартылган каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт.
- Квалификацияны жогорулатуу окутуунун төмөнкү түрлөрүн камтыйт:
    - кыска мөөнөттүү (72 саттан кем эмес) тематикалык окутуу, ал негизги жумуштун жери боюнча ишканаларда жана уюмдарда жүргүзүлөт жана тийиштүү контролдоо иш-чарасы (экзамен, зачет ж.у.с.) тапшырылгандан кийин аяктайт,
    - педагогикалык-психологиялык жана социалдык-экономикалык башка тармактык, аймактык, уюмдук жана башка денгээлде жаралган көйгөйлөр боюнча тематикалык жана көйгөйлүү семинарлардын сериясы (72 саатка чейин) жана башкалар.

Сааттардын көлөмү көрсөтүлгөн ченемдерден аз болушу мүмкүн, эгерде, квалификацияны жогорулатуу бир багыттын алкагында жана убакытты эсептөө топтоо принциби боюнча жүргүзүлөт.

- Квалификацияны жогорулатуунун жыйынтыктары боюнча бекитилген үлгүдөгү документтер берилет (Квалификацияны жогорулатуу жөнүндө сертификаты көлөмдөгү программалар боюнча тематикалык жана көйгөйлүү семинарлардын 72 сааттка чейинки ишине катышкан мөөнөттүү окуудан өткөн жактар үчүн)
- Квалификацияны жогорулатуунун натыйжалуулугуна түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси контролдоо жүргүзөт.

VIII. Квалификацияны жогорулатуудан өтүүлөрдү уюштуруу

- ППС, педагогикалык, илимий-методикалык жана башка кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу иштерин А. Ж. Мырсабеков атындагы ОшМПУнун Мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, ЖОЖго чейинки даярдоо жана үзгүлтүксүз билим берүү бөлүмү уюштурат.
- Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун мөөнөттөрү, формалары жана билим берүү программаларынын татаалдыгы университеттин муктаждыктарына ылайык бөлүмдүн жетекчиси тарабынан аныкталат.

- Бөлүмдүн жетекчилери өз кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууга жөнөтүүдө жоопкерчиликтүү болушат.
- Бөлүм мектеп мугалимдерин, педагогикалык кызматкерлерди жана угуучуларды квалификацияны жогорулатуу курстарга кабыл алууну ректордун буйругу менен жүргүзөт. Бул процесс төмөнкү документтерди камтыйт:
    - квалификацияны жогорулатууга катышуучу тууралуу бекитилген формадагы маалыматтар;
    - квалификацияны жогорулатууга карата университеттин бухгалтериясы менен чыгымдардын болжолдуу сметасы.
- Квалификацияны жогорулатуу программаларын ишке ашыруу үчүн бөлүм кафедралар менен биргеликте төмөнкү документтерди түзөт:
    - квалификацияны жогорулатуу программалары жана артыкчылыктуу багыттардын окуу-тематикалык пландар;
    - сабактарды өткөрүүнүн жадыбал;
    - педагогикалык кадрларды квалификациялык программалар боюнча окутууга жөнөтүү жөнүндө буйрук;
    - угуучулар кесиптик чеберчилигин белгиленген мөөнөттө толук өтүп бүткөндөн кийин сертификат берүү жөнүндө буйрук.

Каржылоо

Лекторлордун эмгек акысы, бюджеттик каржылоодогу мекемелерде, уюмдарда жана ишканаларда окуу сабактарын өтүүгө тартыла турган кызматкерлердин эмгек акысынын шарттарын жана бир сатттык эмгек акы чендерин бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-январындагы №30 токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 12-сентябрындагы №529 токтомуна ылайык түзүлөт. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутууга карата тартыла турган окутуучулардын эмгек акысы, ар жылы окутууга карата бекитиле турган мамлекеттик заказды ишке ашыруунун алкагында түзүлөт жана 1 академиялык саат үчүн 120 сомду түзөт.